# Сабактын темасы: Суйлөмдун бир өңчөй мучөлөру

(9 класс учун)

**Сабактын максаты:**

**А) билим беруучулук максаты**: Окуучулар суйлөмдун баш жана айкындооч мучөлөру боюнча алган билимдерин бышыктоо менен суйлөмдун бир өңчөй мучөлөру боюнча тушунук алышат. Алардын бирдей суроого жооп берип, суйлөмдө бир милдетти аткарарын уйрөнушөт.

**Б) өнуктуруучулук максаты**: Окуучулар суйлөмдун бир өңчөй мучөлөрунун аткарган милдеттерин тушунуп, синтаксистик талдоо жургузуугө машыгышат.

**В) тарбиялык максаты**: Топтордо иштөөдө бири-бирин угуп, сыйлап өз ара тушунуугө багыт алышат.

Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучулар…

А) суйлөмдун бир өңчөй мучөлөру жөнунде тушунук алса, алардын бирдей суроого жооп берип, суйлөмдө бир милдетти аткарарын уйрөнсө

Б) суйлөмдун бир өңчөй мучөлөрунун кандай милдетти аткара тургандыктарын тушунсө жана синтаксистик талдоо жургузө билишсе

В) топтордо иштөөдө бири-бирин угуп сыйласа.

**Сабактын тиби:** Окуучулардын алган билимин терендетуу, бышыктоо сабагы.

Предмет аралык байланыш: география, тарых.

**Сабактын жабдылышы**: Окуу китептери, интерактивдуу доска, видеотасма.

**Сабактын журушу:** Сабактын темасын жана максатын тушундуруу.

**1 этап**. Сабактын темасы доскага магнит менен бир жак четине чапталат.

**2 этап**. Бул этапта окуучуларга өтулгөн темалар боюнча суроолор берилет, алардын жообун угуу жана анда тема боюнча даярдалган видеослайддар, видео менен суреттөр көрсөтулөт. Ошол суреттөргө жараша суроолор берилет.

- Эмне учун ээ жана баяндооч баш мучөлөр деп аталат?

- Ээнин милдетин зат атооч, заттанган сын атооч, сан атооч, ат атооч аткаргандай кылып суйлөмдөрду тузгулө.

- Баяндоочтун милдетин кайсы сөз туркумдөру аткарат?

- Мында зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч суйлөмдө баяндооч кылып суйлөм тузушөт.

- Аныктооч менен бышыктоочтун окшош жана айырмачыктарын көрсөткулө.

-Кызыктуу, жакшы деген сөздөрду катыштырып суйлөм тузгуло. Ал сөздөр бирде аныктооч болсо, бирде бышыктооч болсун.

- Кана, эми бир өңчөй мучөлөр  деп кандай мучөлөрду айтабыз? Окуучулар:
- Бирдей суроого жооп берип, бирдей милдет аткарган сөздөр суйлөмдун бир өңчөй мучөлөру деп аталат.

- Туура, алар бирдей суроого жооп милдетин аткарат, алар бири-бирине багынбай, тен укукта болушат.

**Кыргызстан жөнундө видео слайд көрсөтулуп, бир өңчөй мучөлөр менен суйлөм тузушөт.**

**- Кыргызстан кайда жайгашкан?**

- Кыргызстан Борбордук Азияда жайгашкан.

- Кыргызстан кайсы мамлекеттер менен чектешет?

- Кыргызстан Казакстан, Кытай, Өзбөкстан, Тажикстан мамлекеттери менен чектешет. (бир өңчөй толуктоочтор)

- Тундуктөн, туштуктөн, батыштан жана чыгыштан кайсы мамлекеттер менен чектешет.

- Тундуктөн -Казакстан, Туштук-чыгыш,чыгыштан-Кытай, Батыштан-Өзбөкстан, Батыштан-  Тажикстан менен чектешет. (бир өңчөй бышыктоочтор)

- Кыргызстанда канча облус, район, шаар бар?

- Кыргызстанда 7 облус, 40 район, 17 шаар бар. (бир өңчөй бышыктоочтор)

- Кыргызстанда кандай улуттар жашайт?

- Кыргызстанда кыргыздар, орустар, казактар жана башка улуттар жашайт. (бир өңчөй ээлер)

- Алар эмне кылышат?

- Алар ынтымакта иштейт, окуйт, жашайт. (бир өңчөй баяндоочтор)

- Кыргызстан кандай мамлекет?

- Кыргызстан – эгемендуу, көз карандысыз мамлекет. (бир өңчөй аныктоочтор)

**Кыргызстандагы жаныбарлар жөнундө видео көрсөтулөт.**

- Кыргызстанда кандай жаныбарлар бар?

- Илбирстер, аюулар, карышкырлар жана башка жаныбарлар бар. (бир өңчөй ээлер)

-Алар кайда жашайт?- Тоолордо, токойлордо. (бир өңчөй бышыктоочтор)

- Алар кандай жаныбарлар?- Жырткыч, сейрек, жапайы. (бир өңчөй аныктоочтор). Алар кайда жазылган? – Илбирстер Кызыл китепте жазылган.

- Бул жаныбарларга кандай мамиле жасаш керек? – Аларды коргоп, сактап туура мамиле жасаш керек. (бир өңчөй баяндоочтор)

- Кыргызстанда кандай тарыхый эстеликтер бар?

**Кыргызстандагы тарыхый эстеликтер видео аркылуу көрсөтулөт.**

- Бул эстеликтер кайда жайгашкан?

- Бурана Чуйдө, Сулайман тоосу Ошто, Манастын кумбөзу Таласта жайгашкан. (бир өңчөй бышыктоочтор).

- Туристтер бул жерлерге келип, эмне кылышат?- Таанышат, көрушөт, сурөтко тушөт. (бир өңчөй баяндоочтор)

- Жакында кайсы майрам болот? - **Жакында Нооруз майрамы болот.**

**Нооруз жөнундө видео көрсөтулөт**.

- Аянтта кимдерди көрдунөр? – Аянтта ардагерлерди, студенттерди, окуучуларды көрдук. (бир өңчөй толуктоочтор)

- Бул кандай майрам? – Жазгы, көңулдуу, улуттук майрам.

**Сөздуккө жаны сөздөрду жазып алышат.**

**Окуучуларга «Нооруз» деген текст берилет.**

Байыркы Чыгыш элдеринде, кыргыздарда 2000 жылдан бери кун менен тундун теңдешкен кунун жаңы жыл – Нооруз дешкен. Бул майрам жаркыраган жаздын, жаштык дигердин, кужурмөн эмгектин, жакшы тилек-умуттун, биримдуулуктун, кайрымдуулуктун, боорукердиктин, ыймандуулуктун, адилеттуулуктун майрамы. (бир өңчөй толуктоочтор) Ал

Кыргызстандагы майрамдардын эңулуусу, салтанаттуусу (бир өңчөй аныктоочтор)

Нооруз майрамы 21 мартта өткөрулөт. Адамдар даамдуу, таттуу тамактарды даярдашат. (бир өңчөй аныктоочтор). Майрамда ат чабыш, оодарыш, кыз куумай оюндары ойнолот. (бир өңчөй толуктоочтор).

Бул куну адамдар бири-бирин кечиришет, куттукташат.(бир өңчөй баяндоочтор)

Окуучулар ар бир видео боюнча суйлөмдөрду дептерине жазып алышат. Доскага окуучулар чыгып суйлөмдөрду жазып, талдоо жургузушөт.

**Сабакты суроо-жооп менен бышыктоо.**

Бир өңчөй мучөлөр өз ара кандай жолдор менен байланышат?

**Сабакты жыйынтыктоо.**

**Уйгө тапшырма беруу. Окуучулардын билимин анализдеп баалоо**.